**12.00.09 – жазык процесси, криминалистика; ыкчам-издөө иши адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн сунушталган Асанова Умутай Алибаевнанын “Кылмыш иштер боюнча коргоо тараптын купуя сырды коргоону камсыз кылуу көйгөйлөрү” темасында диссертациясына расмий оппоненттин**

**ПИКИРИ**

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**, санариптик технологиялар менен маалымат тутумунун тез өнүгүүсүнө байланыштуу, бул кылмыш ишинде купуя маалыматты коргоо маселесин көтөрүүдө. Азыркы укуктук тутумдар, купуялыкты коргоо укугу менен укуктук тартипти камсыздоо ортосунда тең салмактуулукту сактоо зарылдыгы менен келип жатат. Кылмыш ишиндеги коргоочу далилдерге жана маалыматка эркин кирүүгө мүмкүнчүлүк алууга тийиш, бирок бул адвокаттык ишмердүүлүктүн купуялыгын жана айыпталуучунун укуктарын коркунучка салбашы керек. Санариптешүү жана глобалдашуу шарттарында маалымат жеткиликтүүрөөк болуп, маалыматтын агып чыгуу коркунучу жана адвокаттык ишмердүүлүккө кийлигишүү күчөдү. Мындан тышкары, мамлекеттик органдар, анын ичинде укук коргоо органдары, көп учурда коргоо тарапка таандык купуя маалыматка кирүү ыйгарым укуктарын колдонуп жаткан кырдаалдар кездешүүдө, бул атаандаштык принцибине жана адилеттүү соттук териштирүүгө коркунуч жаратат. Бул жагдай адвокаттык купуя сырды коргоо механизмдерин кайра карап чыгуу жана өркүндөтүү зарылдыгын көтөрөт, анын ичинде купуя маалыматка мыйзамсыз кирүүгө жол бербөө үчүн мыйзамдык чараларды киргизүү. Ошентип, кылмыш процессиндеги коргоо тараптын сырын коргоо маселелерин изилдөө азыркы чакырыктар жана коркунучтар шартында өзгөчө мааниге ээ. Бул, маалыматты коргоону жана процесс катышуучуларынын укуктарын камсыз кылган натыйжалуу механизмдерди иштеп чыгууга өбөлгө түзөт, бул ыкчам-издөө ишмердүүлүгүнүн күчөшү жана жаңы технологияларды колдонуу шарттарында өзгөчө мааниге ээ.

**2. Диссертацияга коюлган талаптардын алкагындагы илимий жыйынтыктар.**

**1-Натыйжа.** Автор тарабынан негизги терминологиялык түшүнүктөргө төмөнкүдөй ыкмалар иштелип чыккан жана көрсөтүлгөн: купуя сыр (кеңири мааниде) – бул жашыруун маалыматты сактоо жана пайдалануу боюнча бир катар укуктук жана моралдык – адеп ахлалдык шарттар менен байланышкан жетишерлик спецификалык татаал көрүнүш, ошондой эле терс кесепеттерге жол бербөө максатында мындай маалыматты санкцияланбаган кирүүдөн коргоо үчүн атайын субъект тарабынан бөлүнүп берилүүчү купуя сырлар арналган объекттин ар кандай пландагы мүнөздөмөлөрүнүн айкалышын билдирет; купуя сыр институту – инсандын, коомдун жана мамлекеттин жашоо-турмушунун ар кандай чөйрөлөрүндө жашыруун маалыматты коргоо, алуу жана пайдалануу маселелери

КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
ВХОДЯЩИЙ № DC/668/55
«18» 10 2024 г.

боюнча ар кандай мамилелердин кеңири чөйрөсүн жөнгө салуучу тутумдаштырылган укуктук ченемдердин комплекси, анда маалыматтын маанилүүлүгүнүн деңгээли жана мындай маалыматтардын категорияларына жараша аны жашыруун сактоонун максатка ылайыктуулугу аныкталган; адвокаттык купуя сыр – бул ишеним артуучунун кол тийбестиги менен байланышкан, адвокаттын кесиптик (кызмат көрсөтүүсүнө) кайрылууда пайда болгон анын укуктарынын жана кызыкчылыктарынын кол тийбестиги менен байланышкан өзгөчө укуктук абалы, мында ал алган маалыматтын мазмунуна санкциясыз кирүүгө тыюу салуу ченемдик актыларга ылайык колдонулган укуктук режимдин өзгөчө тартиби менен камсыз кылынат (жөнгө салынат), мында купуя сырды сактоо предметинин чөйрөсүнө кирген жана коргоо объектисинин ар кандай социалдык-укуктук контекстин камтыган маалыматты коргоону жүзөгө ашырууда сырдын субъектине көз карандысыздык кепилденет; адвокаттык купуя сырдын укуктук режими – бул мамлекеттин кызыкчылыктарына жана коомдук мамилелердин өзгөчөлүгү менен шартталган, мыйзам чыгаруучу тарабынан белгиленген укуктук жөнгө салуунун өзгөчө тартиби, юридикалык инструменттерди, түрлөрүн жана укуктук ортомчулук ыкмаларын аныктайт, ошондой эле адвокаттык купуя сырдын предметине кирген алынган маалыматты ачыкка чыгарууга, санкциясыз пайдаланууга же башка мыйзамсыз пайдаланууга адвокатка даректелген абсолюттук тыюу салууларды белгилөө аркылуу ишеним артуучунун иммунитетин түзүү жана коргоо менен байланышкан иштин негизги багыттарынын иштешин камсыз кылуучу укуктук каражаттардын өзгөчө айкалышы; юридикалык жардам көрсөтүүдө купуялуулукту камсыз кылуу жана ушул чөйрөдө ишеним артуучунун кызыкчылыктарын канааттандыруу үчүн тиешелүү шарттарды түзүү менен байланышы; кесиптик купуя сыр - маалыматтын менчик ээлеринин же анын укук мураскорлорунун укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылуу боюнча функция жүктөлгөн белгилүү кесиптердин өкүлдөрүнө (мамлекеттик жана муниципалдык кызмат менен байланышкан иштерден тышкары) ишенимдүү же белгилүү болуп калган, ошондой эле кесиптик купуя сырлардын белгилүү бир түрүнүн белгиленген режимин бузгандыгы үчүн юридикалык жоопкерчилик чаралары каралган жашыруун сакталууга тийиш болгон жашыруун маалымат.

**2 - Натыйжа.** Жашыруун маалыматты чектелген жайылтуу режими менен чектелген жеткиликтүүлүк режиминин ортосундагы методологиялык айырмалоонун өбөлгөлөрү болуп төмөнкүлөр саналат: биринчиден, маалыматтын потенциалдуу баалуулугунда, ошондой эле аны колдонуунун багыттоосунда турат. экинчиден, мыйзам чыгаруучу тарабынан купуя сырды коргоо боюнча атайын чараларды көрүү каралган, анда коомдук мамилелердин кеңири чөйрөсү каралышы мүмкүн (мисалы: КЖПК); үчүнчүдөн, купуя сырдын укуктук категориясынын мазмуну “купуя маалымат” түшүнүгү менен бирдей эмес,

анткени түздөн-түз байланыш процессинде берилген бардык ишенимдүү маалыматтар юридикалык жоопкерчиликке алып келбейт; төртүнчүдөн, жашырындуулуктун мазмуну болуп белгилүү бир атайын белгилер таандык болгон өзгөчө мүнөздөгү маалыматтар, аларга жеткиликтүүлүктүн чектелген укуктук режими, ошондой эле ачык маалымат менен купуя сырдын ортосундагы мыйзамдык чектөө жайылтылат; бешинчиден, белгилүү бир жашыруун субъекттин болушу, анын ичинде мамлекет жана мекемелер корголуучу маалыматка жетүү мүмкүнчүлүгүн жабат. Мындай маалыматка санкцияланбаган жетүү менен кызыкчылыктарга зыян келтирилиши мүмкүн. Купуя сырдын предмети — мыйзам тарабынан корголгон жана ишеним берилген маалымат, анын ээси бул маалыматка жетүүнү чектөө үчүн чараларды көрөт. Мыйзам чыгаруучу укуктук режимди орноткон учурларда гана купуя сыр укуктук коргоого алынышы мүмкүн. Алтынчыдан, жашыруун маалыматтын бир бөлүгү абсолюттук купуя сыр категориясына кирбеши мүмкүн болгон купуя сырлардын көп түрдүүлүгүнөн улам, чектелген маалымат субъекттердин олуттуу санына жеткиликтүү болушу мүмкүн. Жетинчиден, купуя сырдын мазмуну болуп эсептелген маалымат маңызы боюнча татаал жана укуктук жөнгө салуунун көп багыттуу объекти болуп саналат, ал үчүн мүнөздүү болгон спецификалык касиеттерден келип чыгат.

**3 - Натыйжа**. Кесиптик купуя сырдын белгилерине төмөнкүлөр кирет: 1) белгилүү кесиптердин өкүлдөрүнө ишеним берилген купуя сырлардын айрым түрлөрүнүн баш кошуусу өз алдынча юридикалык түшүнүктү - кесиптик купуя сырды бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берет, ал маңызы боюнча анын сакталышын камсыз кылуу боюнча юридикалык чараларды көрүүнү талап кылат; 2) кесиптик купуя сыр институтунун болушу мыйзам ченемдүү процесс болуп саналат. 3) Маалымат кесиптик функцияларды аткаруу учурунда же ыктыярдуу билдирүү аркылуу кесиптик сырдын субъектине белгилүү болот, аны адамдын макулдугусуз таратууга болбойт. Купуя маалыматка мыйзам боюнча аны менен таанышууга укугу бар адамдар жана мамлекеттик кызматта турбаган, бирок кесиптик статусу аркылуу жетүү мүмкүнчүлүгү бар адамдар ээ болушат (бул учурда — кызматтык купуя сыр).4) кесиптик купуя сыр институту байланышкан социалдык-укуктук институттун маңызынан улам, анда мыйзам чыгаруучу тарабынан белгиленген кесиптик купуя сырды субъект тарабынан маалыматты таратууга тыюу салуу субъекттердин ортосундагы укуктук мамилелердин, анын ичинде адамдын өлүмүнүн натыйжасында токтотулгандыгына карабастан мөөнөтсүз болуп саналат. Кесиптик купуя сырдын субъекттерине жашыруун маалыматтарды ар кандай укукка жат түрдө ачыкка чыгаруу ал үчүн (алар үчүн) жагымсыз кесепеттердин келип чыгышынын натыйжасында адамдын жана анын укук мураскерлеринин мыйзам менен корголуучу укуктарына жана кызыкчылыктарына зыян келтириши мүмкүн экендигин эске алуу керек; 5)

кесиптик купуя сырлардын артыкчылыктуу бөлүгү абсолюттук мүнөзгө ээ эмес, анткени адамдар өздөрүнүн кесиптик функцияларын аткаруунун жүрүшүндө алган купуя маалыматты прокуратуранын тиешелүү кызмат адамдары, укук коргоо органдары (жана буга ыйгарым укук берилген башка кызмат адамдары) талап кылышы мүмкүн. 6) мыйзам деңгээлинде кесиптик купуя сырдын субъекттери тарабынан белгилүү бир жосундарды жасоого тыюу салуу же чектөө белгиленген жана кесиптик иш чөйрөсүнө жараша талаптарды аткарбагандыгы үчүн юридикалык жоопкерчилик белгиленген.

**4 - Натыйжа**. Кесиптик купуя сырды коргоонун кылмыш-жаза укуктук механизмин ишке ашыруу үчүн төмөнкү чаралар талап кылынат: биринчиден, мыйзамдардын карама-каршылыктарын четтетүү жана сырлардын категорияларын дифференциациялоо; экинчиден, айрым категориядагы кесиптик сырларды коргоо боюнча атайын укуктук ченемдерди киргизүү; үчүнчүдөн, кылмыш-жаза кодексинде кесиптик сырды бузгандыгы үчүн жоопкерчиликти так аныктоо; төртүнчүдөн, сырлардын бардык спектрин коргоо үчүн кылмыш курамдарын толуктап, алардын мазмунуна кылдат баа берүү; бешинчиден, жашыруун маалыматтарды ачыкка чыгаруу чараларына бирдиктүү мамиле иштеп чыгуу; алтынчыдан, мыйзамдардагы бардык сырларды адекваттуу коргоону камсыз кылуу.

**5 - Натыйжа**. Адвокаттык купуя сырдын негизги маанилүү белгилери болуп төмөнкүлөр саналат: 1. адвокаттык купуя сырды сактоо ишеним артуучунун укуктарынын жана кызыкчылыктарынын кол тийбестигине карата адвокаттык ишти жүзөгө ашырууда өзгөчө мааниге ээ, ал анын укуктук режиминин өзгөчө тартиби менен камсыз кылынат; 2. адвокаттык купуя сырга, кесиптик - ишеним артылган сырлардын белгилери мүнөздүү. 3. адвокаттык купуя сыр ишеним артуучу тарабынан берилген, өзүнүн кесиптик ишин жүзөгө ашыруунун жүрүшүндө алынган бардык жашыруун сырларга жайылтылышы керек, бул сот адилеттигин жүзөгө ашыруу мыйзамына ылайык адилет кызыкчылыкты сактоону гана эмес, процессуалдык оппоненттер тарабынан катуу каршылашуу шартында ишеним артуучунун жеке кызыкчылыгын да түшүндүрөт; 4. адвокаттык купуя сыр ар кандай социалдык-укуктук контекстти камтышы мүмкүн, анткени адвокат адвокаттык иш жөнүндө Мыйзамга ылайык ар кандай инстанцияларда ишеним артуучунун кызыкчылыгын коргойт, ошондой эле ишеним артуучуга кайрылууда башка кесиптик жардамды да жүзөгө ашырат; 5. адвокаттык купуя сырдын объектисинин өзгөчөлүгү болуп төмөнкүлөр саналат: 1) ишеним артуучунун укуктук контексттеги соттук жана эл аралык процесстеги кызыкчылыктары, ошондой эле ишеним артуучу үчүн маанилүү болуп саналган кызыкчылыктар; 2) коомдук кызыкчылыктарды коргоо.

**6 - Натыйжа**. Сунуш кылынган “адвокаттык иликтөө” институтунун алкагында сотко чейинки өндүрүш этабында адвокаттык сырды коргоо муктаждыктарын

эске алуу менен төмөнкүлөр талап кылынат: 1) адвокаттык офистерде маалыматтарды коргоо боюнча кызмат көрсөтүүчү фирмалар тарабынан тейлене турган маалыматтар базасын түзүү; 2) кызмат көрсөтүү жөнүндө тиешелүү келишим түзүлгөн адвокат менен жеке детективдин ортосунда купуя маалыматты сактоонун, берүүнүн өзгөчө эрежелерин жана талаптарын мыйзамдык деңгээлде иштеп чыгуу; 3) адвокатура жана адвокаттык иш жөнүндө Мыйзамдын мазмуну туура каралышы керек. 4) жашыруун маалыматты санкцияланбаган кирүүдөн, жайылып кетүүдөн жана андагы өзгөрүүлөрдүн таасир этүү мүмкүнчүлүгүнөн коргоону камсыз кылуучу уюштуруучулук жана техникалык чараларды көрүү талап кылынат; 5) мындай фактылар аныкталган учурда үчүнчү жактардын (баштапкы маалыматтарды көрсөтүү менен) мүмкүн болгон санкциясыз пайдалануу аракеттери каттала турган эсепке алуу китебин (журналды) киргизүү; 6) уюштуруу механизмин түзүү жана адвокаттын ишеним артуучу менен кат алышуусун киргизүү тартибин белгилөө талап кылынат, анда бул үчүн объективдүү жагдайлар келип чыккан учурда адвокаттык уюм, телефон аркылуу сүйлөшүүлөрдүн, электрондук кат алышуулардын купуялуулугу камсыз кылынмак; 7) төмөнкүлөрдү мыйзамдык деңгээлде аныктоо: а) адвокаттык досьени жана башка материалдарды (соттук териштирүүнү көрсөтүү боюнча) адвокатуранын архивине өткөрүп берүү механизми жана тартиби, же болбосо адвокаттын өзүндө бул үчүн тиешелүү шарттар жок болгон учурда башка адвокат тарабынан; б) үчүнчү жактардын адвокаттык досьесинин архивдик материалдарына жол бербөө боюнча тиешелүү коргоо чараларын иштеп чыгуу, анда ишеним артуучуга каршы укукка каршы максаттарда пайдаланылышы мүмкүн болгон жашыруун маалыматтар камтылышы мүмкүн; в) тапшырманы аткаргандан кийин жашыруун документтер менен иштөө эрежелери; күчүн жоготкон материалдарды ишеним артуучуга өткөрүп берүү тартиби мыйзам деңгээлинде аныкталууга тийиш; 8) ишеним берүүчү менен жашыруун сыр режимин колдонууну токтотуу тартибинин жана механизминин шарттарын кароо, алар маалыматтын белгилүү бир бөлүгүнө карата чектөө мүнөзүндө болушу мүмкүн, ошондой эле ишеним берүүчү тарабынан аны пайдаланууга уруксат алынбагандыктан, жарыяланууга жатпаган мөөнөтсүз (абсолюттук) мүнөздө болушу мүмкүн; 9) электрондук маалымат алып жүрүүчүлөрдү алып коюунун процессуалдык тартибин (буга негиздер бар болсо) жана коом үчүн маанилүү болгон купуя сырларды коргоо максатында катуу дисктерден, анын ичинде башка алып жүрүүчүлөрдөн купуя маалыматты алып коюуда жана изилдөөдө алынган далилдерди процессуалдык жол-жоболоштуруунун жол-жобосун иштеп чыгуу зарыл.

**7 - Натыйжа**. Зарыл материалдарды, маалыматтарды чогултууда адвокатка карата төмөнкү шарттарды сактоо талап кылынат: 1) берилген маалыматтар жазык сот өндүрүшүнүн катышуучусу болуп саналган жазуу жүзүндөгү келишим

түзүлгөн жекече детектив тарабынан гана чогултулушу керек; 2) кылмыш иши боюнча кызмат көрсөтүү, маалыматтарды чогултуу жана айрым аракеттерди жүргүзүү боюнча келишим түзүлгөн учурдан тартып үч сутканын ичинде адвокат тарабынан жекече детективдин жазуу жүзүндөгү билдирүүсүнүн болушу; 3) алынган корголуучу маалыматтын объективдүүлүгүн аныктоо, атап айтканда маалымат алуу булагын, ошондой эле предметтерди жана документтерди көрсөтүү менен; 4) техникалык каражаттарды колдонуу менен жекече детективдик иш-аракеттер жүргүзүлгөн учурда КЖПКне ылайык бул каражаттардын техникалык мүнөздөмөлөрү көрсөтүлүшү керек; 5) юридикалык жак (детективдер бирикмеси) тарабынан адвокатка берилген документтерде бул адамдарды сотто иш боюнча күбө катары андан ары суракка алуу мүмкүнчүлүгү үчүн түзүлгөн келишимге ылайык жекече детективдик иштин жыйынтыгы алынган детективдер жөнүндө маалыматтар камтылууга тийиш; 6) келишимде жекече детектив тарабынан мыйзамда көрсөтүлгөн иш-чараларды өткөрүүнүн жүрүшүндө алынган купуя маалыматты ачыкка чыгарбоо боюнча шарттар каралууга тийиш; 7) адвокаттын тапшырмасы боюнча жүргүзүлгөн детективдик аракеттердин түрлөрү жана натыйжалары мыйзам чыгаруучу тарабынан иштелип чыккан жана кабыл алынган “КР жекече детективдик иши жөнүндө” Мыйзамда каралууга тийиш. (Сунушталган талаптардын тизмеси кылмыш-жаза процессинин башка катышуучусу катары кылмыш иши боюнча маалыматтарды чогултуу жөнүндө адвокат менен келишим боюнча кызмат көрсөтүүнүн алкагында жеке детектив тарабынан алынган маалыматтарга (“жеке детективдик ишмердүүлүк жөнүндө” жаңы мыйзам кабыл алынган шартта, ошондой эле адвокаттык купуя сырды камсыз кылуу боюнча, анын ичинде жашыруун купуя сыр субъектинин башка катышуучусунун катышуусу менен бир катар процессуалдык иш-аракеттерди жүргүзүүнү укуктук жөнгө салуу боюнча сунушталган мыйзамдык демилгелер) карата түзүлгөн.

**8 - Натыйжа**. Адвокаттык купуя сырдын укуктук режимин конституциялык максатында адвокатура жана адвокаттык иш жөнүндө Мыйзамдын атайын бөлүмүндө түзүмдүк түрдө бөлүп көрсөтүү керек, анда адвокаттык купуя сырдын негизги жоболору чагылдырылат, ошондой эле алар КЖПКде жана КЖКде чагылдырылууга тийиш. Ушуга байланыштуу жоболордун ченемдик комплексин иштеп чыгуу талап кылынат, ал төмөнкүлөрдү регламенттөөгө тийиш: 1) КЮЖ алууда купуялуулукка укук; 2) жашыруун сырды сактоонун мөөнөтсүздүгү жана ишеним артуучунун адвокаттык купуя сырдын колдонулушун токтотуу укугу жана анын процессуалдык механизми; 3) адвокаттык купуя сырды коргоону камсыз кылуу боюнча адвокаттын ыйгарым укуктары жана милдеттери, анын ичинде келишимдик негизде жеке детективди тартууда; ошондой эле кылмыш иши боюнча далилдерди чогултуу боюнча жардам көрсөтүүгө тартылган башка адамдарды; адвокаттык купуя сырдын предмети жана объектиси ажыратылууга

тийиш; 4) ЫИИны жүзөгө ашырууда адвокаттык купуя сырга тиешелүү укуктук режимди жана маалыматтын кол тийбестигин, ошондой эле тергөө соту тарабынан санкцияланган атайын тергөө аракеттерин камсыз кылуу механизмин карoo; 5) ишеним артуучу үчүн келип чыккан кесепеттерге негизденүү менен адвокаттык купуя сырдын укуктук режимин бузгандыгы үчүн адвокаттын жоопкерчилигин карoo; 6) сотко чейинки өндүрүш органдары тарабынан адвокатка карата ЫИИны жана атайын тергөө аракеттерин жүргүзүүгө тергөө соту тарабынан санкцияланган даттануу механизмин карoo, бул адвокаттык купуя сырды алуу үчүн мындай иш-чараларды өткөрүүнү пайдаланууга жол бербөө боюнча реалдуу кепилдик болуп калат; 7) өзүнө адвокаттык иштин материалдарын камтыган, ЫИИны жүзөгө ашыруучу кызмат адамдары үчүн жеткиликсиз болууга тийиш болгон "адвокаттык өндүрүш", "адвокаттык досье" сыяктуу процессуалдык маанилүү түшүнүктөрдү мыйзамдардын жүгүртүлүшүнө киргизүү; 8) КР КЖПКнин 53-беренесинини 7-пунктуна адвокаттын ыйгарым укуктарына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизилип, атап айтканда, төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: "корголуучу, айыпталуучу менен алардын санын, узактыгын чектебестен жана угуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган шарттарда жекече жолугушуу өткөрүүгө, мында аларга иш боюнча консультация берүүгө, мамлекеттик жана башка корголуучу сырды түзгөн маалыматтарды камтыган материалдарды, ошондой эле аталган адамдар тарабынан укукка каршы максаттарда пайдаланылышы мүмкүн болгон материалдарды кошпогондо, алардан процессуалдык жана башка документтерди жана жазууларды берүүгө жана алууга укуктуу; 9) КР КЖПКнин жаңы $53^1$ – "Адвокаттык купуя сыр" деген беренесин киргизүү, мында төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүү зарыл: а) анын терминологиялык түшүнүгүн; б) адвокаттардын ишине кийлигишүүгө тыюу салган талаптардын комплекси (алардын артыкчылыктуу бөлүгү "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Мыйзамда чагылдырылган; в) "адвокат тарабынан купуялуулуктун сакталышы Мыйзамда каралган укуктук, уюштуруучулук, техникалык чараларды пайдалануу жолу менен жүзөгө ашырылат, алар ишеним берүүчүнүн маалыматтарын мыйзамдар менен чектелген маалыматтарга карата үчүнчү жактардын укукка жат кирүүсүнөн, жок кылуудан, жайылтуудан, көчүрүүдөн жана башка укукка жат аракеттерден коргоону камсыз кылууга багытталган" деп көрсөтүү керек; г) КЖПКде төмөнкүлөр каралуусу керек: а) сот тарабынан санкцияланган адвокатка карата тергөө аракеттерин жүргүзүүнүн өзгөчө тартиби, мында мындай уруксат берүүдө токтомдо ыйгарым укуктуу кызмат адамдары тарабынан жетиштүү негизделген жүйөлүү бөлүк көрсөтүлүүгө тийиш; б) адвокаттык купуя сырды түзгөн маалыматтарды алуу максатында адвокатка карата салттуу жана атайын тергөө амалдарынын өндүрүшүн пайдаланууга жол берилбей турган реалдуу кепилдиктер каралышы керек; в) өзгөчө процессуалдык тартип белгиленген, анда

өзүнүн ишеним артуучусуна карата күбөлөндүрүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган жагдайлар болгондо адвокатты суракка алуунун мүмкүн эместигинин фактылары күбөлөндүрүлөт. Бирок адвокаттык иш жөнүндө Мыйзамда ишеним артуучуларга жардам көрсөтүү менен байланышпаган кылмыш иштери боюнча күбөлүктүн кол тийбестигин (адвокаттык) кыянаттык менен пайдаланууга жана күбөлүктөн баш тартууга жол берилбестигин көрсөтүү зарыл; 10) КР КЖПКде купуя мүнөздөгү мындай маалыматты алуу тартибин жана шарттарын мыйзамдык жөнгө салууну караштыруу зарыл. КР КЖПКнин 198-беренесинин ("сурак жүргүзүүнүн жалпы эрежелери") айырмалуу өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле аларды жазык процессинин катышуучулары боюнча да, мындай процессуалдык аракеттердин маңызы жана жашырындуулуктун субъектиси боюнча да өткөрүүнүн айырмачылыктарын эске алуу менен төмөнкүлөр талап кылынат: 1) КР КЖПКне жаңы беренелерди киргизүү талап кылынат: а) "адвокаттык сурамжылоо жүргүзүүнүн жалпы эрежелери"; б) "адвокаттык сурамжылоонун протоколу"; в) "адвокаттык сурамжылоодо үн жана видео жазууну колдонуу". 2) өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү: а) КР КЖПКнин 53-беренесине ("адвокаттын ыйгарым укуктары") 2- бөлүгү жаңы 21 "иштин кандайдыр бир жагдайлары белгилүү болгон адамдарды илимий-техникалык каражаттарды пайдалануу менен суракка алуу жана олуттуу мааниге ээ маалыматтар болгон учурда мындай иш жүзүндөгү маалыматтарды жазык ишинин материалдарына тиркөө жөнүндө өтүнүч кылуу пункту менен толукталсын. б) КР КЖПКнин 80-беренеси жаңы 51 бөлүк менен толукталсын (Адвокаттык сурамжылоонун протоколдору); 3) мыйзам чыгаруу деңгээлинде төмөнкүлөрдү карoo: а) далил булагы катары кылмыш ишинин башка материалдарына "адамды адвокаттык сурамжылоонун протоколун" тиркөө жөнүндө соттун милдети; б) укуктук механизм жеке детективдин адамга адвокаттык сурамжылоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгү, анын протоколу түзүлгөн келишимге ылайык адвокатка берилет.

**9 - Натыйжа**. Адвокаттык сурамжылоо жүргүзүүнүн негизги шарттары төмөнкүлөр болуш керек: 1) адамдарды сурамжылоо кызмат көрсөтүү жөнүндө тиешелүү келишим түзүлүүгө тийиш болгон адвокат же жекече детектив тарабынан гана жүргүзүлүүгө тийиш (келечекте мындай адамга процессуалдык ыйгарым укуктарды берүү); 2) адвокаттык сурамжылоо тергелип жаткан кылмыш иши менен байланышкан өзүнө белгилүү жагдайлар жөнүндө жашыруун маалыматтарды билдирүүнү каалаган адамдын жазуу жүзүндөгү макулдугу менен гана жүргүзүлүүгө тийиш; 3) өзгөчө учурларда, сурамжылануучу адамдын талабы боюнча адвокат маалыматтын жашыруун булагын ачып берүүгө укуктуу, бирок мында ал буга ишеним артуучунун өзүнөн макулдук алууга тийиш; 4) мыйзамдык деңгээлде адвокаттык сурамжылоо жүргүзүүнүн белгиленген эрежелерин иштеп чыгуу жана сактоо талап кылынат; 5) иштин жагдайлары боюнча адамдардын чөйрөсүн сурамжылоону далилдердин булагы деп таануу үчүн аны ченемдик

жактан бекемдөө зарыл, алар айыптоо жана сот тарабынан алардын аныктыгы жөнүндө шектенүүлөрдү жаратпайт; 6) адвокаттык сурамжылоонун натыйжалары далилдердин бардык башка түрлөрүн түзүү үчүн булак болуп калышы, анын ичинде доо коюлган далилдерди аныктоо үчүн өбөлгөлөрдү жана белгилүү шарттарды түзүү мүмкүн экендигине негизденүү менен, мындай кырдаалда алар ишеним артуучунун өзүнүн таламдарына карама-каршы келбестигин эске алуу керек. Анткени, мындай жагдайларда, ага жүктөлгөн функционалдык милдеттерге ылайык адвокат бир жагынан жүргүзүлгөн адвокаттык сурамжылоо жана анын натыйжалары жөнүндө билдирбеши керек, ал эми экинчи жагынан ал прокуратура органдарынын, сотко чейинки өндүрүштүн кызмат адамдарына, ошондой эле сотко жашыруун мүнөздөгү кандай болбосун башка маалыматтарды берүүгө укугу жок. 7) сурамжылоонун натыйжасында маалыматтарды алуунун сунушталган формасы төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрдү болжолдойт: а) адвокат суралып жаткан адамга өзүнүн позициясын таңуулабашы керек, бирок ал жооп алууга умтулган так суроолорду гана түзүшү керек (жетектөөчү мүнөзгө ээ болбошу керек); б) сурамжылоо жүргүзүүнүн жүрүшүндө далилденүүгө тийиш болгон жагдайлар талкууланбайт жана жалпы талданбайт; в) адамды адвокаттык сурамжылоонун максатын сактоо, тактап айтканда андан жаңы ишенимдүү маалымат алуу, сурамжылануучуга мурда белгисиз болгон купуя маалыматты бербөө жана ал боюнча өзүнүн көз карашын билдирүү; 8) сурамжылануучу адамга кандайдыр бир таасир (психологиялык басым) көрсөтүлбөшү жана адвокаттык этиканы сактоо менен жүргүзүлбөшү керек.

**10 - Натыйжа**. Адвокат тарабынан адамдарды сурамжылоо мүмкүнчүлүгүн ишке ашыруу жана мында алынган натыйжаларды далил булагы катары таануу талап кылынат: 1) мыйзам деңгээлинде төмөнкүлөрдү аныктоо: а) “сурамжылоо” укуктук түшүнүгү боюнча; б) аны өткөрүүнүн (алуунун) процессуалдык тартиби, ошондой эле анын натыйжаларын белгилөө боюнча; в) тергелип жаткан ишке тиешелүү маалыматты билген адвокат адам суракка алынышы мүмкүн болгон маселелердин чөйрөсү боюнча; г) процессуалдык документтин формасы белгиленген, анда адвокаттык сурамжылоо жүргүзүү механизми жана анын натыйжалары күбөлөндүрүлөт. 2) КР КЖПКде адамдарды сурамжылоону белгилөөнүн төмөнкүдөй процессуалдык формасын кароо сунушталат: “адвокаттык сурамжылоонун протоколу”, анда суроктын протоколуна коюлуучу мазмундун жалпы атрибуттары каралышы керек, бирок аны башка субъект, атап айтканда адвокат тарабынан өткөрүүнүн өзгөчөлүгүн эске алуу менен. 3) “адвокаттык сурамжылоонун протоколунда” төмөнкүдөй мазмундуу түзүүчүлөр жана анын процессуалдык жол-жоболоштурулушу каралуу тийиш: 1) аны өткөрүүнүн ордун жана датасын көрсөтүү; 2) башталышынын жана аякташынын убактылуу параметрлери, ошондой эле тыныгуу болгон учурда көрсөтүү; 3) кылмыш ишинин реквизиттери; 4) ушул процессуалдык иш-аракетти жүргүзүүгө

жазуу жүзүндөгү макулдуктун, ошондой эле сурамжылануучу адамдын анкеталык маалыматтарынын, жашаган жана иштеген жеринин жана анын паспорттук маалыматтарынын болушу. Эгерде сурамжылануучу адам сурамжылоону баштоонун алдында өзүнүн коопсуздугунун фактысы боюнча негиздүү жүйөөлөрүн билдирсе, анда адвокат анын жосун келтирбейт жана ал процесстин башка катышуучуларынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча мыйзамдын ченемдерине туура келет. 5) сурамжылоо жүргүзгөн адвокаттын толук реквизиттик маалыматтары, анын ичинде анын адвокаттык билимге таандыктыгы; 6) сурак илимий-техникалык каражаттарды пайдалануу менен каттала тургандыгы жөнүндө эскертүү; 7) адвокаттык сурамжылоонун протоколунда чагылдырылган сурамжылоонун жүрүшүндө билдирилген маалыматтар сурамжылануучу адамга эскертүү. 8) сурамжылоо жүргүзүүнүн алдында сурамжылануучу адамга түшүндүрмөлөрдү берүү; 9) сурамжылануучу тарабынан берилген сүрөттөр, схемалар, чиймелер, фотосүрөттөр адвокаттык кароонун протоколуна тиркелиши керек; 10) сурамжылоо жүргүзүү, суракка алуунун иштелип чыккан баскычтарын эске алуу менен жүргүзүү максатка ылайык, тактап айтканда: сурамжылануучу эркин айтып берет жана сурамжылоонун суроо-жооп баскычы; 11) адвокаттык сурамжылоонун протоколу техникалык белгилөөдөн тышкары адвокаттын өзүнүн жазуу жүзүндөгү жазуусу менен коштолушу же сурамжылануучу тарабынан өз колу менен жазылышы мүмкүн; 12) адвокат тарабынан адамды сурамжылоо аяктагандан кийин протоколдун ар бир бетине мындай адвокаттык сурамжылоонун мазмуну менен таанышкандан кийин ( аны өз алдынча окугандан кийин же аны адвокат өзү жарыялагандан кийин тааныша алат) сурамжылануучу тарабынан кол коюлат. Мындай протокол иш (көзөмөлүндө) турган прокуратура органдарынын кызмат адамына сотко чейинки өндүрүш органдарына берилүүгө тийиш эмес деп эсептейбиз.

**11 - Натыйжа**. Адвокаттык купуя сырды сактоо максатында кесиптик сырды сактоону камсыз кылуу боюнча атайын укуктук чаралардын комплексин иштеп чыгуу талап кылынат, атап айтканда: а) интернет аркылуу купуя маалыматтарды алууда, жөнөтүүдө, ошондой эле аларды сактоодо адвокаттардын электрондук алып жүрүүчүлөр менен иштөөсү үчүн маалыматтык технологиялар чөйрөсүндөгү адистерди тартуу менен чараларды иштеп чыгуу; б) ишеним артуучу же жекече детектив менен сүйлөшүүлөрдү тыңшоодон коргоо боюнча укуктук чаралар; в) компьютерде, ошондой эле кадимки (кагаз) материалдарда камтылган маалыматтарды алуу үчүн мыйзамсыз кирүү аракеттерин болтурбоого көмөктөшүүчү документ жүгүртүү эрежелерин жана тартибин иштеп чыгуу; г) адвокатка тиешелүү документтер жана купуя маалыматтар жок кылынышы мүмкүн болгон эрежелерди жана шарттарды иштеп чыгуу, ошондой эле маалыматтын бир бөлүгү ал тарабынан пайдаланылышы мүмкүн болгон талаптарды баяндоо; д) адвокаттык купуя сырды түзгөн маалыматтар камтылган

“адвокаттык өндүрүштү” сактоо эрежелерин иштеп чыгуу; е) сотко чейинки өндүрүш органдары, прокуратура, анын ичинде мамлекеттик бийлик органдарынын башка кызмат адамдары тарабынан адвокаттык купуя сырды бузган учурларда чара көрүүгө багытталган укуктук механизмди иштеп чыгуу.

**12 - Натыйжа**. Адвокаттык сыр режимин сактоого тоскоол болгон көйгөйлүү жагдайларды эске алуу керек: 1) ЫИИны жүзөгө ашыруучу укук коргоо органдары бир катар адамдарга кысым көрсөтүү боюнча кеңири мүмкүнчүлүктөргө ээ болгондуктан, Мыйзамга ылайык адвокаттык купуя сырдын укуктук режиминин түзүмүндө өзгөчө укуктук статуска ээ болгон адвокаттын көз карандысыздыгынын кепилдиги жокко чыгарылат, бул иш боюнча купуя маалыматты көп алууга алып келет. 2) Ишеним берүүчү, ал адвокатка айткан купуя маалымат ЫИИнын алкагында колдонулаарына бекем ишене албайт, бул купуялуулуктун бузулушуна алып келет, аны аныктоо кыйынга турат, анткени жашыруун кызматташуу мамлекеттик купуя сыр болуп саналат. Мындай кырдаалга белгиленген тыюу салуунун натыйжалуулугун кепилдөөчү тийиштүү укуктук механизмдин жоктугу өбөлгө түзөт. 3) Ушул убакка чейин адвокатура жөнүндө Мыйзамда купуялуулук түшүнүгүнүн так чечмелениши жана анын чектерин аныктоо, ошондой эле бир катар ЫИИны өткөрүүнүн мыйзамдуулугу жок. Ошентип, тергөө сотунун санкциясы менен жүргүзүлгөн атайын тергөө иш-аракеттеринен тышкары бир катар ЫИИсы соттун чечимисиз жол берилет. 4) мыйзамда ишеним артуучудан алынган маанилүү жашыруун маалыматты, ага үчүнчү жактардын санкцияланбаган кирүүсүнөн коргоого карата адвокаттын жоопкерчилиги каралган так белгиленген ченемдер жок, анда ал кесиптик купуя сырдын алкагында сактоого милдеттүү болот. 5) Адвокаттык өндүрүштө башка процессуалдык оппоненттердин аларга жетүүсүнүн сырын түзгөн материалдар болгондо, адвокат тарабынан зарыл болгон укуктук коргоо чараларын кабыл алуунун көлөмүн жана багытын аныктоо талап кылынат, алар кылмыш-жаза процессинде анын ишеним артуучусу үчүн олуттуу кесепеттерге алып келиши мүмкүн. 6) Ишеним артуучуга карата сотко чейинки өндүрүш этабында өткөрүлүшү мүмкүн болгон атайын тергөө аракеттерин же ЫИИны өткөрүү фактысы жөнүндө адвокаттын электрондук кат алышуусуна жана телефон аркылуу сүйлөшүүлөрүнө жол берилбейт, анткени мындай учурларда купуялуулукту сактоо биздин бүгүнкү күндөгү жоктугубуздан (шифрленген) алардын баарлашуу каналдарында мүмкүн эмес. 7) Жашыруун маалыматты коргоо менен байланышкан маселелерди чечүү үчүн адвокаттык офистерде маалыматты коргоону камсыз кылуу боюнча тиешелүү шарттар болушу талап кылынат. Бирок ошол эле учурда бүгүнкү күндө тиешелүү органдар айрым учурларда коммуникацияга жашыруун көзөмөлдү жүзөгө ашыруу үчүн уруксатка ээ болушу мүмкүн, ошондой эле маалыматты алып коюу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу мүмкүн. 8) Ишеним артуучу, жеке детектив, ошондой эле кылмыш-жаза

процессине тартылган башка адамдар менен айрым процессуалдык иш-аракеттерди жүргүзүү пландаштырылып жаткандыгын кошуп алганда, адвокаттык купуя сырдын корголгон каналдарын пайдаланууну кошкондо, мыйзамдык деңгээлде камсыз кыла турган иштиктүү уюштуруу механизминин жоктугу каралган эмес, бул адвокаттардын бул чөйрөдөгү ишин татаалдантат. 9) КМШ өлкөлөрүндө ЫИИны өткөрүүнү, жеке маалыматтарга улуттук коопсуздук комитеттери толук жете алган оппоненттер жөнүндө кызматтык маалыматты чогултууну жана сактоону камсыз кылуу боюнча телекоммуникациялык жабдуулар менен байланышкан жаңы техрегламенттерди кабыл алуу, бул бүгүнкү күндө маалыматты кармоого, чыгарылган аудио жана видео сүйлөшүүлөрдү тышкы алып жүрүүчүлөргө жазууга, тексттик билдирүүлөрдү көрүүгө, сактоого, угууга мүмкүндүк берет. Анын ичинде, бул интернет аркылуу берилүүчү маалыматка тиешелүү. Бүгүнкү күндө мыйзам долбоорунун телефон сүйлөшүүлөрүн мыйзамсыз тыңшоо, турак жайга аудио жана видео байкоо жүргүзүү, ошондой эле каралып жаткан институт менен байланышкан башка ченемдерге карата кемчиликтеринин фонунда бул чөйрөдө каардуу практиканын бар экендигин танууга болбойт.

**13 - Натыйжа**. Адвокаттык купуя сырды жана изин суутпай издөө ишин жүргүзүүнү жөнгө салуучу укук ченемдеринин катышы көйгөйлөрүнө төмөнкү жагдайлар таасир этет: 1) ишеним артуучунун кол тийбестигинин бузулушу ЫИИнын алкагында болуп жаткандыгын эске алуу керек, ошондуктан биз сотко чейинки өндүрүш органдары менен адвокатуранын ортосунда адвокаттык купуя сырдын укуктук режимин сактоо милдети жүктөлгөн катуу тирешүүнү байкайбыз; 2) изин суутпай издөө ишинин келип чыккан милдетин билдирген ыкчам кызматкерлердин аракеттерин укуктук регламенттөө юридикалык коомчулуктун арасында катуу сынды пайда кылган өзгөчө мүнөзгө ээ жана атайын тергөө аракеттеринин институту киргизилген КР КЖПКнин ченемдерин чечмелөөдө жана колдонууда, ошондой эле адвокаттын иши менен байланышкан сыр категорияларынын бир бөлүгү (институттары) боюнча белгисиздиктин жана чечилбестиктин фонунда “изин суутпай издөө иши жөнүндө” Мыйзамдын өзү көптөгөн маселелерди жаратат; 3) киргизилип жаткан мыйзамдык өзгөртүүлөр мыйзам чыгаруучунун ниетине жана адвокаттык сырдын укуктук режимин камсыз кылуу үчүн чечүү талап кылынган көйгөйлөрдүн чөйрөсүнө түздөн-түз көз каранды болушу керектигин эске алуу менен, артыкчылыктуу-укуктук саясаттын керектөөлөрүнө, ошондой эле айыптоо тарабынын кызыкчылыктарына негизденбестен; 4) негизги басым адвокаттык купуя сырды камсыз кылуу боюнча коюлган милдеттерди чечүүгө өбөлгө боло турган ченемдерди аныктоого жана адвокаттык жашыруун сыр институтун жөнгө салуучу башка мыйзам актыларына тоскоол болгон же карама-каршы келген ченемдик жоболорду аныктоого, анын ичинде каралып жаткан чөйрөдөгү укук колдонуу практикасынын

керектөөлөрүнө таянуу менен жасалышы керек; 5) жалпысынан айыптоочу тараптан жана ыкчам бөлүмдөрдөн айырмаланып, адвокаттар адвокаттык тергөөнүн жүрүшүндө алынышы мүмкүн болгон купуя маалыматты коргоонун тийиштүү укуктук механизми менен камсыз кылынган эмес, бул үчүн тиешелүү чараларды иштеп чыгууну жана кабыл алууну талап кылат; 6) Зарыл жашыруун маалыматтарды алуу максатында кызмат адамдарынын адвокаттык ишке көбүрөөк кийлигишүүсү байкалууда, бул баарынан мурда кылмыш чөйрөсүндө байкалган тенденциялар менен байланышкан, мында модернизацияланган, көп кырдуу, технологиялык ыкмалар колдонулат, бул укук коргоо органдарынын ишин татаалдаштырат, алар кылмыштын бетин ар кандай жол менен, анын ичинде адвокаттык ишке укукка каршы кийлигишүү аркылуу ачууга умтулушат; 7) Адвокаттык иштин купуялуулугуна кол салуунун негизги ыкмалары болуп төмөнкүлөр саналат: адвокатты укук тартиби органдарынын кызматкерлери менен кызматташууга тартуу аракеттери; адвокаттын имаратында укук ченемсиз тинтүү; адвокаттын ишеним артуучу же ишке тиешеси бар үчүнчү жактар менен сүйлөшүүлөрүн тыңшоо жана жазуу; тергөө изоляторлорунда адвокаттын материалдарын жана буюмдарын карап чыгуу; ишеним артуучулар менен расмий эмес аңгемелешүү; адвокаттарга карата айрым ЫИИны өткөрүү; 8) мыйзам менен: а) ишеним берүүчүнүн укуктарын чектеген жана адвокаттык жашыруун сыр режимин бузган ишеним берүүчү менен адвокаттын ишеним артуучу менен болгон сүйлөшүүлөрүн угуу жокко чыгарылбайт; б) алардын коммуникациянын купуялуулугуна болгон укугу мыйзам ченемдеринде ачылган эмес, ошондуктан анын маанисин жана аларды сактоонун чегин өзүм билемдик менен чечмелөөгө алып келет; в) ЫИИнын субъекттеринин адвокаттын ишеним көрсөтүүчүлөр менен сүйлөшүүлөрүн угуудан өткөрүүсү: биринчиден, мындай адамдардын күбөлөрдүн иммунитетин бузушат; экинчиден, алынган купуя маалымат кылмыш процессинин катышуучулары болуп эсептелген адамдардын белгилүү чөйрөсүнө басым жасоо үчүн колдонулушу мүмкүн, бул далилдерди латенттик кылуу үчүн шарт түзөт; 9) адвокаттык купуя сырды сактоонун жүрүшүндө жашыруун маалыматтарды чогултуу жана алуу, алар үчүн кызыкчылык туудурган адамдарга байкоо жүргүзүү (анын ичинде жекече детективдин катышуусу менен адамдарга сурамжылоо жүргүзүүдө) укук коргоо органдарынын ишинин мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүчү жаңы технологиялардын пайда болушу жана таралышы жолтоо болот.

**3. Диссертацияда түзүлгөн илимий натыйжалардын (илимий жоболордун), корутундулардын жана сунуштардын негизделүү деңгээли жана ишенимдүүлүгү.**

**1 - Жыйынтык.** Жобонун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү, келтирилген терминдердин ар кандай контексттерде (адвокаттык кесиптик сыр ж.б.) конфиденциалдык маалымат менен иштөөнүн укуктук аспектилерин сүрөттөгөнү менен ырасталат.

**2 - Жыйынтык.** Маалыматты чектелген таркатуу режими менен чектелген жетүү режиминин ортосундагы теоретикалык аспектилерге таянуу менен жобонун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү ырасталат.

**3 - Жыйынтык.** Юридикалык көз караштан алганда жобонун негиздүүлүгү кесиптик сырдын белгилери менен ырасталат. Ишенимдүүлүк кесиптик сырды коргоо боюнча мыйзам чыгаруучу чараларга көңүл буруу менен тастыкталган.

**4 - Жыйынтык.** Жобонун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү мыйзамдагы карама-каршылыктарды жоюунун жана сырдын ачылышы үчүн жоопкерчиликтин так ченемдерин орнотуунун практикалык жана теориялык маанилүүлүгү менен бекемделген.

**5 – Жыйынтык**. Адвокаттык купуя сырды коргоо боюнча укуктук механизмдерди күчөтүү зарылчылыгы жобонун негиздүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылат.

**6 - Жыйынтык.** Адвокаттар тарабынан конфиденциалдык маалыматты сактоо үчүн маалымат базасын жана механизмдерди түзүү боюнча сунушталган чаралар заманбап маалыматтык коопсуздук жана маалыматтарды коргоо талаптарына толук ылайык келет, бул жобонун негиздүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн камсыздайт.

**7 – Жыйынтык.** Жобонун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү адвокаттар тарабынан далилдерди чогултуунун так эрежелерин жана шарттарын орнотуу зарылдыгы менен тастыкталат, бул мыйзам ченемдерин жөнгө салууну талап кылат.

**8 - Жыйынтык.** Жобонун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү адвокаттык сырды мыйзамда түзүмдүк түрдө түзүү менен тастыкталган, бул конфиденциалдык маалыматты коргоону күчөтүү үчүн маанилүү кадам болуп саналат.

**9 - Жыйынтык.** Адвокаттык сурамжылоонун жол-жобосуна конкреттүү талаптар анын процессуалдык формасын ченемдик бекитүү зарылдыгына толук ылайык келет, бул жобонун негиздүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн камсыздайт.

**10 - Жыйынтык.** Жобо процессуалдык механизмдерди жакшыртууга багытталган, бул адвокаттык сурамжылоону далилдердин булагы катары эффективдүү пайдалануу үчүн өтө маанилүү, бул анын негиздүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн ырастайт.

**11 - Жыйынтык.** Адвокаттык сырды коргоо чараларын иштеп чыгуу зарылдыгы, анын ичинде конфиденциалдык маалыматты коргоо үчүн жаңы технологияларды жана процедураларды колдонуу анын негиздүүлүгүн тастыктайт.

**12 - Жыйынтык.** Жобонун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү укук коргоо органдарынын адвокаттык ишмердүүлүккө кийлигишүүсүнө байланыштуу көйгөйлүү аспектилерге көңүл буруу менен тастыкталат.

**13 - Жыйынтык.** Адвокаттык сыр менен ыкчам-издөө иш-аракеттеринин (ЫИИ) ортосундагы өз ара аракеттешүүнүн татаалдыгы мыйзам менен жөнгө салууну талап кылат, бул анын негиздүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн тастыктайт.

**4. Изденүүчүнүн диссертацияда түзүлгөн ар бир илимий натыйжанын (жобонун) жана корутундусунун жаңычылык деңгээли.**

**1 - Жыйынтык. Жаңы**, анткени жободо конфиденциалдык маалыматты коргоого байланыштуу негизги укуктук категорияларга комплекстүү жана көп деңгээлдүү мамиле сунушталат, бул укукта сыр тууралуу түшүнүктөрдүн чегин кеңейтет.

**2 - Жыйынтык.** Бул жобонун **жаңылыгы** коргоо тарабы коргой турган маалыматтарды классификациялоого жаңы ыкманы түзүүдөн турат.

**3 - Жыйынтык. Дээрлик жаңы** жана бул өзүнө ар кайсы кесип өкүлдөрүнө берилген сырлардын ар кандай түрлөрүн “кесиптик сыр” деген бирдиктүү юридикалык түшүнүккө бириктирүүнү камтыйт.

**4 - Жыйынтык. Жаңы,** анткени автор ар кандай купауя сыр категориялары боюнча мыйзам актыларындагы карама-каршылыктарды жоюу боюнча сунуштарды берет.

**5 - Жыйынтык. Жаңы**, анткени автор адвокаттык купуя сыр түшүнүгүн кеңейтип, анын мазмунуна кесиптик ишеним мамилелерин гана эмес, ошондой эле адвокатка берилген маалыматты коргоонун өзгөчө механизмдерин киргизүүнү сунуштайт.

**6 - Жыйынтык.** Бул жобонун алкагында **жаңылык** адвокаттардын конфиденциалдык маалыматтарын коргоо боюнча жаңы укуктук механизмдерди түзүүнү сунуштоодо чагылдырылган.

**7 – Жыйынтык**. **Жаңы**, анткени жободо адвокаттык сурамжылоону кылмыш процесси үчүн далилдердин булагы катары мыйзамда бекитүү сунушталган.

**8 - Жыйынтык.** Бул жобонун **жаңылыгы** адвокаттык маалыматты заманбап байланыш каражаттары аркылуу уруксатсыз кирүүдөн коргоо боюнча укуктук чараларды иштеп чыгууну сунуштоо менен мүнөздөлөт.

**9 – Жыйынтык**. **Жаңы** жана адвокаттык сурамжылоону өз алдынча процессуалдык аракет катары мыйзам менен бекитүү зарылдыгын негиздөөнү камтыйт, бул кылмыш процесси катышуучуларынын укуктарын коргоо деңгээлин жогорулатууга мүмкүндүк берет.

**10 – Жыйынтык. Жаңы**, анткени автор тарабынан адвокаттык сурамжылоо учурунда алынган конфиденциалдык маалыматты коргоо механизми сунушталууда.

**11 – Жыйынтык**. **Жаңы,** анткени адвокаттык сурамжылоо жыйынтыктарын кылмыш ишиндеги далилдердин булагы катары таанууга мүмкүндүк берүүчү процессуалдык документти түзүү сунушталат.

**12 – Жыйынтык**. **Жаңы**, анткени адвокаттык купуя сырды коргоо үчүн чараларды иштеп чыгууну, анын ичинде цифралаштыруу шарттарында оперативдүү-издөө иш-аракеттерин күчөтүүнү сунуш кылат.

**13 - Жыйынтык**. Жаңы, анткени жободо адвокаттык сырды жана ыкчам-издөө ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу ченемдердин карама-каршылыктары талданган жана адвокаттык купуя сырды бузууну минималдаштыруу боюнча конкреттүү мыйзам чыгаруучу чаралар сунушталган.

**5. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү төмөнкүдөй:** 1) автор тарабынан бул чөйрөдө кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө жана адвокаттык ишмердүүлүккө карата адвокаттык купуя сыр институтуна жаңы билимдердин комплексин иштеп чыгуу жана киргизүү менен шартталган, бул азыркы шарттарда адвокаттык сырдын укуктук режиминин иштешин камсыз кылууга мүмкүндүк берет; 2) адвокаттык купя сырдын жаңы конституциялык режимин түзүү боюнча көргөзүлгөн сунуштардын жыйындысы бул институттун ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга жана жаңы тенденцияларды эске алуу менен адвокаттардын ишине тоскоолдук кылган көйгөйлөрдү четтетүүгө, анын ичинде “адвокаттык иликтөө” жаңы институтун ишке киргизүүнүн потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө мүмкүндүк берет; 3) Кылмыш – жаза процессуалдык жана адвокаттык иш жөнүндө мыйзамды өркүндөтүү боюнча мыйзам чыгаруу мүнөзүндөгү сунуштар укук жаратуу ишинде, ошондой эле ишеним артуучуга КЮЖ көрсөтүүдө адвокаттык купуя сырды камсыз кылуу менен байланышкан андан аркы илимий изилдөөлөрдө колдонулушу мүмкүн; 4) автор тарабынан алынган жаңы илимий билимдер: а) кылмыш – жаза процесси илимин жана адвокатура илимин өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө, б) жогорку кесиптик билим берүү тутумунда практикалык кызматкерлер үчүн квалификацияны жогорулатуу курстарында купуя сырды үйрөнүүдө окуу жана окуу-методикалык иштерди даярдоо үчүн пайдаланууга мүмкүндүк берүү.

**6. Изденүүчү тарабынан тийиштүү актуалдуу көйгөйдү чечүүнүн натыйжалардын теориялык же колдонмо милдеттеринин багытталышы.** Изилдөө кылмыш иши боюнча коргоо тарабынан берилген купуя маалыматты коргоону камсыз кылуу маселесин чечүүгө багытталган. Учурда санариптештирүүнүн натыйжасында маалымат агып чыгуу учурлары көбөйүп, ыкчам-издөө иш-чаралары татаалдашып бараткан шартта, адвокаттык купуя сырды коргоонун эффективдүү механизмдерин иштеп чыгууга өзгөчө көңүл бурулууда. Алынган натыйжалар маалыматка уруксатсыз кирүүнү жана коргоо укугун бузуу көрүнүштөрүн алдын алуу үчүн жаңы укуктук жана уюштуруучулук чараларды түзүүгө мүмкүндүк берет. Бул атаандаштык принциптеринин сакталышын гана камсыз кылбастан, адилеттүү соттук териштирүүнү кепилдейт.

Изилдөө теоретикалык деңгээлде адвокаттык купуя сырдын укуктук табияты, анын кылмыш процессиндеги ролу жана маанисин тереңирээк түшүнүүгө багытталган. Практикалык көз караштан алганда, диссертация адвокаттык купуя сырды коргоо

жаатындагы мыйзамдарды жана укук колдонуу тажрыйбасын өркүндөтүү боюнча конкреттүү сунуштарды берет. Бул маалыматтарды коргоо үчүн укуктук механизмдерди жана техникалык чечимдерди иштеп чыгууну камтыйт. Бул чечимдерди иш жүзүнө ашыруу коргоочулардын ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга жана коргоо укуктарынын кепилдигин бекемдөөгө салым кошот.

**7. Диссертациянын негизги жоболорунун, натыйжаларынын жана корутундуларынын басылмаларда жетишээрлик деңгээлде толуктугун тастыктоо.** 1. Асанова, У. А. Купуя социалдык-укуктук институт катары / У. А. Асанова // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. – 2022. – No. 3-1(38). – P. 433-439. // https://www.elibrary.ru/item.asp?id=50385433

2. Асанова, У. А. Особенности обеспечения сторонами обвинения и защиты тайны следствия в уголовном судопроизводстве / У. А. Асанова // Аграрное и земельное право. – 2022. – № 12(216). – С. 208-210. – DOI 10.47643/1815-1329_2022_12_208. // https://www.elibrary.ru/item.asp?id=50107766

3. Асанова, У. А. Электронные доказательства - как обеспечение прав участников уголовного процесса / Э. С. Токторов, У. А. Асанова // Аграрное и земельное право. – 2022. – № 11(215). – С. 220-222. – DOI 10.47643/1815-1329_2022_11_220. // https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49871811

4. Асанова, У. А. Особенности сохранения тайны следствия и ее значение в расследовании преступлений / У. А. Асанова // Новые вызовы новой науки: опыт теоретического и эмпирического анализа : Сборник статей IX Всероссийской научно-практической конференции, Петрозаводск, 28 ноября 2023 года. – Петрозаводск: Международный центр научного партнерства «Новая Наука» (ИП Ивановская И.И.), 2023. – С. 68-76. // https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54917380

5. Асанова, У. А. Адвокатская тайна как процессуальная гарантия прав подзащитного / У. А. Асанова // Евразийского адвокатура. 2024 №4 (69). С. 58-61.https://elibrary.ru/item.asp?id=69190271

6. Асанова, У. А. Некоторые проблемы обеспечения охраны тайны стороной защитыпо уголовным делам и пути их решения / Э. С. Токторов, У. А. Асанова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2024. №1. С. 172-175.https://elibrary.ru/item.asp?id=68640129

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна туура келет жана КРдин УАК бекиткен талаптарга жооп берет. Авторефераттын бирдей мазмунда берилген кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

**9. Диссертациянын мазмуну боюнча эскертүүлөр.** Корутундуда автор практикалык багытын дагы бекемдөө үчүн укукту колдонуу практикасына карата сунуштардын үстүндө иштеп чыгышы керек эле. Бул изилдөөнү дагы да колдонууга ыңгайлуу жана практикалык юристтер менен тергөө органдары үчүн пайдалуу кылмак.

**10. Диссертациянын “Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө” жобого ылайык келиши.**

Жыйынтыгында, **Асанова Умутай Алибаевнанын “Кылмыш иштер боюнча коргоо тараптын купуя сырды коргоону камсыз кылуу көйгөйлөрү”** темасында жазылган диссертациясы жогорку илимий теориялык деңгээлде аткарылгандыгын, практикалык жактан баалуу экендигин белгилей кетүү керек. **Асанова Умутай Алибаевнанын** 12.00.09 – жазык процесси, криминалистика; ыкчам издөө иши адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн сунушталып, **“Кылмыш иштер боюнча коргоо тараптын купуя сырды коргоону камсыз кылуу көйгөйлөрү”** темасында жазылган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын “Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө” жобосунун талаптарына толугу менен жооп берет, ал эми анын автору Асанова Умутай Алибаевна 12.00.09 – жазык процесси, криминалистика; ыкчам издөө иши адистиги боюнча изделген юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга арзыйт.

**юридика илимдеринин доктору, доцент,**
**Б.Сыдыков атындагы Кыргыз - Өзбек эл аралык**
**университетинин юридика – экономика факультетинин деканы**

**Көкөева А.М.**

КЫРГЫЗСКО-УЗБЕКСКИЙ МЕЖДУНАРОДНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ ИМЕНИ БАТЫРАЛЫ СЫДЫКОВА
ЗАВЕРЯЮ
Начальник ОК
«17» 10 2024
ИНН 01103199810027

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ
ИНН 01103199810027